**РАИМКУЛОВА А.С.**

**nbknu@mail.ru**

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ЭЛ АРАЛЫК ТОЛЕРАНТТУУЛУККА ТАРБИЯЛОО-БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН АЛДЫҢКЫ КОМПЕТЕНТТҮЛҮҮГҮ КАТАРЫ

Азыркы коомубузда дүйнөдө жападан жалгыз улуттан куралган бир да мамлекет жок, болушу да мүмкүн эмес. Анын ичинде Кыргыз республикасы да көп улуттуу мамлекет катары таалим-тарбия системасын улуттар аралык диалог принцибин жетекчиликке алуунун негизинде уюштурууга муктаж. Мындай парадигманын негизги жоболору илимде ар тараптуу каралып келет. Этникалык маданий асыл нарктарды кастарлоо, сактоо, аларды өздөштүрүүнү камсыз кылуу жаатындагы укуктук маселелер да иштелип чыккан. Алсак, Бириккен Улуттар Уюмунун (ООН) Европа Бирлигинин «Адам укуктарынын жалпы декларациясы» (1948) «ЮНЕСКОнун таалим-тарбия ишиндеги дискриминацияга» каршы конвенциясы (1960), «Балдардын укугу боюнча конвенция» (1990) сыяктуу эл аралык расмий документтерде так белгиленген. Аталган документтерде таалим-тарбия ишинде рассалык, тилдик, диний, этникалык басмырлоолорго жол бербөө, ар бир элдин улутук маданиятын сыйлоо, урматтоо жана башка ушу сыяктуу улут- улут, адам-адам катмарында боло турган укуктук мамилелер, маселелер ачык жазылган.

Таалим-тарбия иши адам ишмердүүлүгүнүн өтө татаал катмары. Мында бардык нерсе мугалим тарбиячылардын инсандык өрнөгүнө негизделет. Ошондуктан мектептерде көп улуттук маданий дөөлөттөргө негизделген таалим тарбия чөйрөсүн түзүү мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүнө көбүрөөк көз каранды.

Ал эми мугалимдин кесиптик этномаданий компетентүүлүгүнүн мазмуну ар кандай калктардын таалим-тарбия маданиятынын бөтөнчөлүгүн изилдеген этнопедагогика илимине негизделиши шарт. Этнопедагогика жеке инсандын, ошондой эле улуттун жан дүйнөсүн таануyга жол ачуучу глобалдуу илим. Улутту таануу үчүн анын салттуу тарбия маданиятын үйрөнүү керек. Этнопедагогикада улуттун илгээртен бери түптөлүп келген психологиялык көрөңгөсү, максат мүдөөлөрү, руханий идеалдары, материалдык жана руханий салттары түгөл чагылдырылат.

Биринчиден, болочок мугалим кыргыз элине таандык традициялык менталитетинин мазмунун жакшы өздөштүрүшү зарыл. Анын ичинен кыргыз элине таандык улуттук дөлөттөргө ээ болуушу зарыл:

Улууну сыйлоо, кичүүнү урматтоо, калп айтпоо, бирөөнү кемсинтпөө, акыл эс менен иш алып баруу, ар бир улуттун маданий нарк дөөлөттөрүн сыйлоо менен бирге ар бир өкүлгө толеранттуу мамиле жасоо ж.б.у.с.

Мындан тышкары болочок мугалим эмнени билиши зарыл? -деген суроо тулууда.

- Күнүмдүк эл аралык карым катнашта болуп жаткан оң жана терс көрүнүштөрдү туура баамдап билүү;
- өзүн курчап турган этномаданий мейкиндиктер дөөлөттөр менен тең паритеттүү диалог куруyга окуучуларды үйрөтүү;
- ар бир инсан өнүгүү жолундагы улуттук жана жалпы адамзаттык дөөлөттөрдүн ширендисинен турган цивилизациялык процесстерге туш келет,ошолорду туура өздөштүрүү мына ушу сыяктуу компетенциялардын жыйындысынын негизинде болочок мугалимдин толеранттуулукка үндөө, тарбиялоо тажырыйбасы өсүп өнүгөт.

Жогоруда айтылган ойлор ,болочок мугалимдин компетенциясын түзгөн билимдер, маанилүү көз караштар Кыргыз Республикасынын билим берүү тарбиялоо стратегиясын айкындаган документтердин мазмунунда да өзөктүү идея, баалуу багыт катары белгиленгенин айта кетмекчибиз. Алсак, «Кыргыз Республикасында окуучуларды

тарбиялоонун концепциясында» **(№2/5, 25 март 2002)** төмөнкүдөй конкреттүү иш чаралар белгиленген:

- Кыргызстандын окуучулары башка улуттагы өз мекендештеринин тарыхын, маданиятын, үрп адат салттары тууралуу кеңири түшүнүк алышы үчүн билим берүүнүн мазмунун кайрадан карап чыгуу, өркүндөтүү;
- мамлекеттик, расмий жана чет тилдерин үйрөнүү ишин уюштуруунун материалдык, илимий методикалык жактан камсыздоо;
- жаштардын улуттар аралык карым-катыш чөйрөсүн өнүктүрүү;
- Улут аралык мамиледе инсандык-психологиялык тосмолорду жеңе билүү, эгоизмге, менменсинүүгө, бой көтөрүүчүлүккө келишпес мамиле кылуу сапатын калыптандыруу ж.б. у.с.

Аталган багыттарга байланыштырып айрым окумуштулар менен, окуу жайлардын жардамы менен кыргыз мектептериндеги окутуу –тарбиялоонун мазмунун этномаданий жактан өркүндөтүүгө, окуучулардын улуттук руханий нарк –дөөлөттөрүн өсүп өнүктүрүүгө көзөмөл туткан бир катар жаңы окуу предметтер, программалар, окуу китептери иштелип чыкты жана дагы эле үзгүлтүксүз темпте иштелүүдө.

Ошону менен бирдикте биз ЖОЖайларда этнопедагогика деген илимге чоң маани беришибиз керек. Этнопедагогика–улуттук дөөлөттөрүнүн сакчысы, коргоочусу. Алсак, депортацияга кабылган көптөгөн улуттар өзүнүн менталиттетик өзгөчөлүктөрүн өзүнүн эс тутумун муундан муунга мурастоо салттары б.а тарбиялоо системасы аркылуу гана коргоп, сактап кала алышты. Анткени, «Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт» - деген учкул элдик сөздөр дагы бир манилүү далил катары айтсак болот. Ушул илимдин негизинде ЖОЖларда болочок мугалимдер үчүн атайын курс: “Толерантуулукка тарбиялоо” иштелип чыгышы зарылдыгын айта кетмекчибиз.

Толерантуулук деген түшүнүк латын тилинен алынган сөз - tolerantia – чыдамкайлык дегенди түшүндүрөт. Бул социалдык-психологиялык феномен, өзүнө көп оң түшүнүктөрдү камтыйт, айтсак: ар бир элдин өкүлүн сыйлоо, аларга конфликтүү эмес мамиле жасоо, башка элдердин конфессияларын урматтоо. Толерантуулук өзүнө дагы мындай түшүнүктөрдү камтыйт: өзүнүн элинин маданиятын урматтап, элинин тарыхый тажырыйбасын түшүнө билүү, ошону менен бирге башка элдердин тажырыйбасын билүү жана түшүнүү. Бул категория биздин күндөрдө эң манилүү болуп жалпы адамзатка таандык маданияттын жана адептүлүктүн өзөгү болушу абзел.

Биздин изилдөөлөрүбүз көрсөткөндөй проблеманын актуалдуулугу илимде да жогорку педагогикалык билим берүү практикасында да жеткиликтүү изилдене элек. Мугалимдерди жалпы педагогикалык жактан даярдоонун мазмунунда бул компетенция - өтө эле өгөйлөнүп фрагментардык мүнөздө гана чагылдырылып келет. Этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмунун илимий негизде иргеп, иштеп чыгуу маселелери стихиялуу мамилелердин же башка сөз менен айтканда энтузиастардын ишмердүүлүгүнүн деңгээлинен өйдө көтөрүлө элек. Болочок мугалимдердин жаш муундарды толерантуулукка даярдоо жактан даярдоо үчүн атайын спецификалык шарттар жана каражаттар жетишсиз.

Демек, мугалимдердин жаш муунду толеранттулуука даярдоо компетенциясы жогорку окуу жайларда системалык массалык ишке айлана элек. Айрым окуу жайларда жакшы тилек менен жүргүзүлүп жаткан тажрыйбалар да, теориялык –методикалык жаңылыктар да бар, жок эмес.

Аталган иште орун алаган айрым кемчиликтерди четтетүү жана оптималдаштыруунун моделин түзүү нияти менен айрым ойлорубузду айта кетмекчибиз.

1. Мугалимдердин жаш муунду толеранттулуукка даярдоо компетенциясын жогорку квалификациялуу адис педагогдорду даярдоо системасынын ажырагыс бөлүгү, компоненти катары каралышы абзел. Анын натыйжалуулугу болочок адистер үчүн

багытталган иш чаралардын этномаданий мазмунуну менен башланыштуу. Бул иш көп кырдуулугу, системалуулугу менен айырмаланат. Болочок мугалимдин мектеп окуучуларын толеранттулуука даярдоо компетенциясы даярдыгы бир тараптан инсандын этномаданий наркын калыптандырууга багытталса, экинчи жактан чыныгы элдик мугалимдин турмуш образынына байланыштуу болуп саналат. Ошентип, болочок мугалимдин мектеп окуучуларын толеранттулуукка даярдоо компетенциясы мугалим инсандын интегративдик касиети катары каралып. Бул компетенция педагогикалык жоболордо, университеттердин стандарттарында, окуу программаларында, окуу китептеринде өзөктүү идея катары орун алышы зарыл. Демек, болочок мугалимдин мектеп окуучуларын толеранттулуукка даярдоо компетенциясы окуу программалардын мазмунундагы маалыматтардын аздыгы же көптүгү менен эмес, бүтүндөй окуу тарбия процессинин таламдуу стратегиясы менен өлчөнөт.

2. Элдик-педагогикалык билимдерин туура жана так өздөштүрүү менен гана чектелбестен учурдун, келечектин контекстинде пайда болгон прогрессивдүү дөлөттөрүн да педагогикалык билим берүүнүн мазмунуна жайгаштыруу зарыл. Кыргызстанда жашап жаткан элдин эзелтен тутуп келген каада-салт, үрп-адаттарынын баарысын эски деп этибарга албай коюуга да болбойт. Билим берүүнүн мазмуну уламыш, дастан, санжыраларда болгон толерантулуук мотивдерди эске алуу менен толукталышы зарыл. Ошону менен бирге илимий жактан күмөн туудурбаган көз караштар, фактылардын жоболордун негизинде гана курулушу керек.

3. Толеранттулукка багытталган окуу материалдарынын мазмунун түзүүдө жалгыз эле бир улуттун дөөлөттөрүнө таянуу олуттуу методологиялык жаңылыштык болоорун эстен чыгарбашыбыз керек. Бул жагдай эмнеге алып келерин биз Махатма Ганди айткан сөздөрүндө байкасак болот: ”Мен каалайм, менин үйүмдүн там башында ар бир улуттун шамаалдары согуп турушун, бирок мен каалабайм, алар тараптап менин тамымдын чатырын алып кетишин.” Толеранттуулуктун методологиялык негиздеринде салттуу таалим тарбиянын баалуулугу жалгыз эле улуттук кызыкчылыктардын чегинде бааланбайт. Тескерисинче жалпы адамзаттык мүдөө керектөөлөргө төп келген педагогикалык дөөлөттөр гана прогрессивдүү деп эсептелинет.

Бул ойлор учурдагы болочок мугалимди даярдап жаткан программалар үчүн, окуулуктарды проектилөө практикасы үчүн да өтө маанилүү багыт.

4. Азыркы учурда ЖОЖлар ар бир студентке өзүнчө өзгөчө тарбиялык аймагы болуп келүүдө. Ар бир окуу жай бир эки иш чаралар менен чектелбестен, ар бир болочок мугалимге психологиялык жагдай түзүшү керек. Толеранттуулукту адеп аклактык категория катары кароо менен чектелбестен, адамзатка таандык маданиятка ээ болууну көздөп, ар элдин маданиятын тынчтыктын негиздери катары кароого багытташыбыз керек. Ошону менен бирге болочок мугалимдин инсандык касиети, толеранттуулугу таалим-тарбиянын милдеттерине канчалык деңгээлде салым кошо алат деген маселе көңүл борборунда болушу абзел. Мугалимдин толерантуулукка карата билимдеринин курамын иштеп чыгуу процессинде теориялык –методологиялык билимдердин негизин туура баамдап, аны жүзөгө ашыруу үчүн зарыл инструменталдык-технологиялык билимдердин өз ара эриш аркак биримдигин камсыз кылышыбыз зарыл. Болочок мугалимдердин толеранттуулук компетенциясы (билгичтиги) таалим-тарбия ишинде пайда болгон балдардын ишенимдерине, нарк – нускаларын өнүктүрүүгө өзгөртүүгө таасир көрсөтүүчү дараметине көбүрөөк көз каранды экенин унутпашыбыз зарыл.

5. Мугалимдин толеранттуулугунун негизинде гуманизм деген түшүнүк негизги орун ээлеши керек. Гуманизм-адамды эң жогорку эң асыл баалуулук деп эсептеген моралдык принциби. Бул принцип ар бир адамдын жашоого,эркиндикке ар тараптан жетилип,инсан караты өркүпдөп өсүгө адамдын балуу нарктуулукка балгон угугун коргойт. Гуманизм адамчылык,адамгерчилик ,адамды сүйүп урматтоо дегенди түшүндүрөт. Болочок мугалим гуманистик тарыхый ойлорду туура жана таак өздөштүргөндө гана анын алдынкы толеранттуулукка тарбилоо компетенциясы өсүп

өнүгөрү шексиз.

**Адабияттар:**


1. Бродский Д.Б. Некоторые психологические основы конструктивной социальной толерантности // Права ребенка .-Ростов на Дону, 2002
2. Гершунский Б.С. Толерантность в системе ценностно-целевых приоритетов образования // Педагогика.-2002.
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика.- Чебоксары, 1974. – 358 с.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. -2-е изд., испр. и доп. – М.: Академия, 2000. -176 с.
5. Формирование толерантной личности в полиэтнической образовательной среде: Учебное пособие / В. Н. Гуров, Б. З. Вульфов, В. Н. Галяпина, Т. В. Поштарева и др. – М.: Педагогическое общество России, 2004. – 240 с.
6. Шадриков В.Д. Философия образования и образовательная политика.- М., 1993. -181 с.